# Окуучунун кодекси

Мектеп-бул окуунун гана орду эмес. Бул окуучунун ар-намысынын Кодексинин жобосуна бекиген. Мектептин ар бир окуучусу окууга мотивацияланыш керек, б.а. ал эмнеге үйрөнүп жаткандыгы үчүн өзүнө отчет бериш керек. Бекем билим жана жакшы адеп-окуучунун биринчи максаты.

Окуучу мугалимдер менен жалпы тил табууга жөндөмдүү болушу керек. Улууларга урмат жана бири-бирине сый-мектептеги бир туугандыктын негизи. Улуу окуучунун кичүүсүнө болгон камкордугу мектептин келечегин камсыз кылат.

## Окуучулар укуктуу:

• Мамлекеттик стандарттагы мектептин Уставына ылайык билим алууга; • Окуу процессинде китепкана, компьютер, ашкана кызматы, медициналык кабинеттерден пайдаланууга;
• Предметтик кружокторду тандап, алардын ишине катышууга; • Мектептин парламентине добуш берүүгө жана шайланууга • Окуучуларга уюштурулган жалпы иш чараларга катышууга; • Өзүнүн укугун коргоого жана окуу-тарбия процессинин сапаты тууралуу пикир айтууга;
• Окуучулар арасында өткөрүлгөн ар түрдүү сынактарга катышууга; • Мамлекеттик үлгүдөгү бүтүрүү аттестатын алууга.
• Ар кандай деңгээлдеги , ар түрдүү кароо- сынактарга, конкурс, олимпиадада катышууга;

## Окуучулар милдеттүү:

• Билим берүү программасында жана окуу пландарга көрсөтүлгөн окуу тапшырмаларды аткарууга;
• Жадыбалда түзүлгөн сабактарга катышууга, себепсиз сабакка келбей калбоого;
Сабакка кечикпөө, кечиккен учурда администрациянын уруксаты менен гана кирүүгө;

• Сабакка мектептик формада келүү . Дене тарбия сабактарына гана спорттук формада келүүгө;
• Ар түрдүү окуу китептерине жана жалпы мектеп буюмуна этияттык менен мамиле жасоого(зыян келтирген учурда буюмдун баасынын көлөмүндө штраф салынат);
• Форманы, окуу кабинеттерин, отурган ордун тазалыкта кармоого; • Мамлекеттик символдорун билүүгө жана сыймыктанууга;
• Мектептин традицияларын урматтоого;

• Мектептин Уставына, окуучулар үчүн эрежелерге жана башка лицейдин актыларына баш ийүү;

• Мектептин ички эрежелерин так аткарууга, башкалардын ар намысын сыйлоого, мектептин кызматкерлеринин мыйзамдуу талаптарын аткарууга; • Санитардык- гигиеналык нормаларды, техникалык коопсуздук эрежелерин, өрткө каршы талаптарын аткарууга;

• Мектептин мүлкүнө этият мамиле кылууга, айлана-чөйрөнү коргоого жана окуган, жашаган жерин баалоого;

• Электр энергиясын жана сууну үнөмдүү пайдаланууга;

• Окуучу күндөлүк режимди так аткаруусу керек.

• Ашканадагы эрежелерди бузбоого тийиш.

• Сабакка дайыма даярданып келүүгө милдеттүү.

• Спорттук кийимчен, үй-кийимчен сабакта отурууга болбойт. Сабакка ак көйнөк, кара шым, туфли менен келиши керек.
Коңгуроо окуучулар үчүн. Бул убакытта окуучу сабакка даяр болуп, мугалимди күтүшү керек.

• Сабактан себепсиз кечигип калган окуучу окуу иштери боюнча директордун жардамчысынан уруксат кагаз алып келиши керек. Ооруп калган окуучулар болсо, врачка кайрылып, справка алышы керек.

• Сабак учурунда сабакка себепсиз кирбей жүргөн окуучулар дисциплина советинде каралат.

• Танапистерде кубалашып чуркоого, күрөшүп ойноого, топ ойноого, тепкичтен шыпырылышып түшүп ойноого, кыйкырууга, урушууга тыюу салынат. • Окуучулардын бири-бирине жаман мамиле кылуусуна, үстөмдүк кылуусуна, сөгүнүүгө.түкүрүнүүгө, жөөлөп кетүүгө, семичка чагууга катуу тыюу салынат. Окуучулар этикалык нормаларды сактоого милдеттүү. • Окуучу өзүн дайыма тыкан, таза алып жүрүүсү керек. Чачы, тырмактарын, кийимдерин талапка ылайык алып жүрүүсү зарыл. Санитардык-гигиеналык эрежелерди сакташы керек.

• Окуучулар техникалык коопсуздук эрежелерин сактоого милдеттүү • Сырттан келген өзүнөн улуу адамдарга салам берүүсү зарыл. • Линейкаларга оз убагында тизилиши керек. Линейкага бир нече жолу себепсиз келбесе, дисциплина советине чакыртылат.

• Окуу куралдарын, китеп, дептерлерин таза кармап, китеп, дептерлер сыртталган болуусу керек.

Окуучулар жүрүш-турушуна карата тартип бузган окуучулар дисциплина комитетинде каралат.

***Оз ара байланыш.***

Окуучулар жоро-жолдошторуна, мугалимдерге, болум башчыларына жана башка жумушчуларга жолугушууга келген адамдарга, меймандарга сылык, жумшак мамиле кылуулары зарыл.

**Окуусун улантуу : (сабак калтырбоо)**

Сабактан калбоо окуучунун жана ата-эненин эн маанилүү жоопкерчилигинен болуп саналат. Окуусун туура жүргүзүү окуучунун аракет  кылуусун күчөтөт жана эн жакшы ийгиликтерге жетуунун эӊ негизги себеби  болуп эсептелет.

Сабакка кечигүү:

1. Мугалим учун кагылган конгуроодон кийин класска кирген окуучу кечиккен болуп саналат.
2. Сабакка кечиккен окуучу мугалимдин кабыл алуусу менен сабакка кире алат.
3. Сабактан беш мүнөт кечиккен окуучу сабакта жок деп жазылат. (мугалимдин окуучуну сабакка кабыл алуусу да мүмкүн).

Окуу жайында ооруп калган окуучу төмөнкү иш-чараларды аткаруусу зарыл:

1. Сабак учурунда сыркоолоп калса мугалиминен, бош учурунда сыркоолоп калса дежурстводон же директордун орун басарынан уруксат алып , ооругандыгы тууралуу маалымат бериши керек.
2. Ооругандыгы тарбия бөлүм башчысы тарабынан аныкталуусу керек. 3. Эгер окуучунун оорусу катуу болсо ага жардамчы катары класс жетекчиси  кошулуп ооруканага жиберилет.
4. Окуучулар жалган шылтоо менен сабакка барбай калган болсо,  ошол күнкү сабактарга катышкан жок деп эсептелинет.